**А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби**

**Билим сапатын жогорулатуу үчүн аткарылган ишке анализ**

**1 – жарым жылдык 2022 – 2023 окуу жылы**

Быйылкы окуу жылына окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун атайын планы түзүлгөн. Пландын негизинде иш чаралар өтүлөт.

1- жарым жылдыкта билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө көптөгөн иштер жүрзүлдү. Мектептин проблемасына карай түзүлгөн педколлективдин максаты: «Билим берүүнүн сапаттуулугун жогорулатуу максатында интерактивдүү методиканын ыкмаларын кеңири колдонуу» . Ушул багытта мектеп ичинде мугалимдерге сабак берүүнүн сапаттуулугун көтөрүү, кесиптик чыгармачылыкты жогорулатуунун үстүндө иш алып баруу,окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу максатында окутуунун эффективдүү методун тандап алуу, окуучунун ар тараптуу өсүшүнө,жетишүүсүнө карата кылдат мамиле кылуу керектиги болду.

Мектеп ичинде өз ара сабактарга катышуу ,тажрыйба алмашуу,тегерек столдо ой бөлүшүү иштери жүргүзүлүп, докладдар окулуп турду. Метод бирикмелер ортосунда салыштырмалуу жыйынтыктарды чыгарып туруу да жакшы результат берет экен. Методикалык колдонмо,дидактикалык материалдарды замандын талабына ылайыктап жасоо да балдардын көңүлүн буруп, кызыгуусун арттырууда. Мектеп администрациясы тарабынан көзөмөл иштери жүргүзүлүп турду.

Жалпыга билим берүү программасы боюнча иштер аткарылып, окуучулардын саны такталды. Мектеп жашындагы балдар арасында окубай калган бала болгон жок.

Быйылкы окуу жылында 10 класс- комплект ачылып, 160 окуучу менен башталган. Жарым жылдыкта 12 окуучу кетип, 10 окуучу келди.

| Бардыгы | Келгени | Кеткени | Отличник | Ударник | Резерв |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-чейректе | 4 | 6 | 4 | 32 | 0 |
| 2-чейректе | 6 | 6 | 1 | 31 | 0 |
| Жарым жылдыкта | 10 | 12 | 1 | 31 | 0 |

Кеткен окуучунун саны көбүрөөк. Себеби, ата –энеси чет жерлерге иштеп кеткендиктен, чон эне, чон ата,тайаталардын колуна келип, кайра өз ата энесине кеткени болду.

Билим сапатын чейректер боюнча карасак, 1- чейректе 60 окуучу аттестацияланган жок


| Класс | Жыл башында окуучунун саны | Жарым жылдыкта окуучунун саны | «5» деген баага окугандар | «5» жана «4» окуганд. | «3» окугандар | абагына окуу чулар | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 0 | 19 | 19 | | | | | |
| 1 | 19 | 19 | | | | | |
| 2 | 21 | 23 | | | | | |
| 3 | 22 | 24 | 0 | 6 | 18 | 0 | 25 |
| 4 | 14 | 13 | 1 | 5 | 7 | 0 | 46,2 |
| 5 | 14 | 14 | 0 | 6 | 8 | 0 | 42,9 |
| 6 | 11 | 11 | 0 | 4 | 7 | 0 | 36,4 |
| 7 | 16 | 15 | 0 | 3 | 12 | 0 | 20 |
| 8 | 16 | 15 | 0 | 5 | 10 | 0 | 33,3 |
| 9 | 6 | 6 | | 2 | 4 | | 33,3 |
| | **158** | **159** | **1** | **31** | **66** | **0** | **32,7** |
| **2021/22** | **157** | **152** | **2** | **28** | **61** | **0** | **33** |

Былтыркы окуу жылына салыштырмалуу карасак, билим сапаты 0,3 кө төмөндөгөн . Мугалимдерге чейрек сайын «орто» окуган окуучулардын санын азайтуу жана «5»ке окуган окуучулардын санын көбөйтүү керектиги айтылып келет. Атайын план түзүшүп, иш жүргүзүлүп жатат,бирок иштин алдыга жылышы өтө оор болууда.

Отличник окуучу башталгыч класста болот, ал эми жогорку класска барганда андай окуучу алып чыгара албай келебиз. Мунун себеби, жакшы окуган балдардын ата-энеси башталгыч классты аяктаган соң коңшу айылдагы орус мектептерге берип коюшат.


Ал бала орус мектепти тыңыраак окуп кетет дешет. Дагы бир себеби, жогорку класска барганда үй турмушуна көбүрөөк жардам берип, талаа жумуштарын аткарышат. Ошондой эле мектептеги кошумча сабактарга катышууга убактылары аз.

## Класстар арасындагы билим сапаты




Ал эми жогорку көрсөткүчтө 4- класс. Төмөнкү көрсөткүчтө 7 класс болду. 5 жана 6 класста өзгөрүү болгон жок.

Жалпы билим сапаты былтыркы окуу жылы менен чейректер арасында салыштырып карасак:




Мектеп ичинде былтыркы жылга салыштырмалуу быйылкы жылы кошумча сабактардын өтүлүшү да жыйынтык бере алды.

Мектепте билим сапатын жогорулатуунун дагы бир себеби, шыктуу окуучулар менен иштөө. Окуу жылы башталганда окуучулардын тизмеси такталып,пландар түзүлдү.Предметтик шыктуу окуучулар менен иштөө папкасы ар бир мугалим тарабынан уюштурулуп, администрация тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

### Шыктуу окуучулар менен өтүлүүчү кошумча сабактардын жүгүртмөсү

| № | Предметтер | Өтүлүүчү күнү | Убагы | Мугалими |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | Шейшемби | 13.30 | Мусапырова Г.А Жумалиева Ж.М |
| 2 | Орус тили жана адабияты | Бейшемби | 13.30 | Шаршеналиева К.Т |
| 3 | Англис тили | Жума | 13.30 | Мамбетова А.К |
| 4 | Математика | Жума | 13.30 | Жантаева Н Омуралиева Р.М |
| 5 | Биология | Бейшемби | 13.30 | Курманалиева З.О |
| 6 | Тарых | Шаршемби | 13.30 | Сазбакова А.С |
| 7 | География | Бейшемби | 13.30 | Курманалиева З.О |
| 8 | Физика | Жума | 13.30 | Сазбакова Д.С |

Мектепте бардыгы 32 окуучу катталган. Кошумча сабак өтүүгү администрациясы тарабынан шарттар түзүлүп берилген. Ай сайын кеңешмелерде срездердин жыйынтыктары каралып турат.

Балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатында мектеп ичинде кружоктор уюштурулган. Мектепте 0,5 ставкадагы кружок иши 0,25 ст. дан экиге бөлүнүп берилген. Спорт жана кол өнөрчүлүк кружоктору иш алып барат.

| № | Аталышы | Мугалими | Ставка | Жума ичинде сааты | Класс | Окуучунун саны | Иштөө убагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Спорт | Шейшеев Нурлан Кубанычбекович | 0,25 | 5 | 5-9 | 30 | Дүйшөмбү Бейшемби Жума |
| 2 | Кол өнөрчүлүк | Сагындыкова Айнура Бозжигитовна | 0,25 | 5 | 5-9 | 30 | Дүйшөмбү Бейшемби Жума |

Спорт жагынан көптөгөн ийгиликтер жаралды. Чүй -Токмок билим берүү бөлүмүү тарабынан уюшулган спорттук мелдеште волейбол боюнча 2 орун, тогуз коргоол боюнча 1- орун, баскетбол оюну боюнча 2 – орунду ээледи. Мугалим Шейшеев Н.К кружок ишин өз каражаты менен камсыздап, балдарды кызыктыра алат.

Кол өнөрчүлүк кружогу быйыл жаңы уюштурулуп иш алып барышууда. Мугалим Сагындыкова А.Б жаш кадр. Окуучулар менен тил табышып, кызыктуу нерселерди жасоого шыктандырып келет.

Ар бир окуу жылында мектеп ичинде предметтер арасында олимпиада иши өткөрүлүп турат. Бизде 2 метод бирикме иш алып барат ( жогорку жана башталгыч класстар). Жогорку класстар арасында предметтер боюнча жүргүзүлө турган олимпиада ишине окуу жылынын башында эле даярдыктар көрүлөт. Олимпиада өтүүнүн жобосу менен ар бир мугалим таанышып чыкты. Ошого жараша иш план түзүлүп бекитилди. Ар бир предмет боюнча олимпиада өткөрүүнүн формасы такталып, ошого жараша консультация иши жүргүзүлдү. Администрация тарабынан мугалимдер менен окуучунун биргеликте иштөөсүнө көзөмөл жүргүзүлүп жатты. Олимпиадага окуучуларды даярдоо үчүн мугалимдерге администрация тарабынан шарт түзүлүп берилген.

Мектеп ичинде олимпиада иши жылдагыдан башкача 26 -ноябрда иш эмес күнү,ишембиде өткөрүлдү. Бардыгы болуп 10 предмет камтылды. Жалпысынан 59 окуучу катышты. Былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл 5 - класс камтылды.

| № | Класс | Предмет | | | | | | | | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тили | Орус тили | Чет тили | Тарых | Математика | География | Биология | Физика | Химия | Информатика | |
| 1 | 5 | 2 | 1 | 0 | 2 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 10 |
| 2 | 6 | 2 | 1 | 4 | 0 | 2 | 2 | 2 | 0 | 0 | 1 | 14 |
| 3 | 7 | 2 | 1 | 1 | 1 | 3 | 1 | 1 | 1 | 0 | 1 | 11 |
| 4 | 8 | 1 | 2 | 1 | 2 | 1 | 1 | 3 | 2 | 1 | 1 | 16 |
| 5 | 9 | 1 | 1 | 0 | 0 | 1 | 1 | 0 | 1 | 2 | 1 | 8 |
| | **Бардыгы** | **8** | **6** | **6** | **5** | **11** | **5** | **6** | **4** | **3** | **5** | **59** |

Былтыркы окуу жылы теориялык жана практикалык деп эки тур менен өткөн. Быйылкы окуу жылында бардык предметтер бир эле тур менен өттүштү. Мектеп эки сменде окулуп жаткандыктан 10 предметти бир күндө өтүүгө туура келди.

Олимпиада окуучуларды линейкага тизүү менен башталды. Азыркы кырдаалга байланыштуу санитардык нормалар сакталды. Мектепте окуучулардын саны аз болгондуктан, ар бир предметке ошол эле окуучу катышып жатты. 5 класс даярдалып, 2 сааттан убакыт берилди. Түзүлгөн графикте иш жүрдү.

Предметтик декадалар жыл сайын өткөрүлүп келет. **Максаты**: "Методикалык иште мугалимдин чеберчилигин, кесиптик компетенциясын өстүрүү жана окуучулардын ар бир предметтик иш чарада таанып билүү жана чыгармачылык шыктарын өстүрүү" .

**Декаданын маселеси:**

- Ачык сабактарды уюштуруу,өтүү,класстан тышкарки иш чараларды уюштуруу аркылуу мугалимдин чеберчилигин өстүрүү
- Окуучуларды ар бир иш чарага катыштыруу менен предметке кызыктыруу
- Таланттуу окуучуларды табуу

Турмушта ар бир окуучуну өз алдынча ойлонууга, өз оюн билдирүүгө жана билимин өркүндөтүүгө ,өз алдынча иштөөгө кызыгуусу керек. Окуучунун мындай өсүп өнүгүүсүнө мектеп ичинде өтүлүүчү класстан тышкаркы иш чаралар түрткү болот. Мугалим окутуп үйрөтпөстөн, окуучуну активдештирет, стимулдаштырат,өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бала дагы чоң кишилер сыяктуу эле өз алдынчалуулугун билдиргиси келет. Ар бир бала өз таланты менен төрөлөт , качандыр бир кезде ага түрткү болсок,ал ойгонот деп ойлойбуз. Бирок турмуш көрсөткөндөй, мындай түрткү аз. Мектепте кана класстан тышкаркы иш чаралар,мугалимдин чыгармачылык иштөөсү окуучуга жеткиликтүү бере алат. Мындай иш чаранын максаты жана мазмуну кадимки сабактардан,кошумча сабактардан айырмаланып турат эмеспи.

Класстан тышкаркы иш чаранын формасы -предметтик жумалык . Биздин мектепте дагы декадалык иш чаралар жакшы жолго коюлган. Жыл башында эле педагогикалык кеңешмеде декаданын жобосу менен мугалимдер тааныштырылган. Предметтик декаданын уюштуруучусу бул методикалык бирикмелер эмеспи. Мектепте мугалимдердин саны аз болгондуктан 2 эле методикалык бирикме иштеп келет. Ар бир бирикмеде декаданын иш

пландары түзүлүп,бекитилген. Атайын берилген графикте өтүлөт. Ар бир предмет график боюнча иш планын түзүп,окуучуларга линейкада тааныштырылат.

1 жарым жылдыкта ичинде 9 сабактан декадалык иш чаралар өтүлдү.

Сентябрь айында кыргыз тили жана адабияты сабагынан иш чара жүрдү. Мугалим Мусапырова Гулнара Ариповна 15 жыл эмгек стажы бар. Методикалык бирикменин жетекчиси, насаатчы . Кыргыз тили декадасында окуучуларды кызыктырган конкурс,поэзия кечесин,сүрөт конкурстарын уюштурду.

10 октябрдан 21 октябрга чейинки аралыкта дене тарбия декадасы өтүлдү. Мугалим Шейшеев Нурлан Кубанычбекович эмгек стажы 16 жыл. Спорттук иш чарага ар бир окуучу талыкпай катышат эмеспи. Мугалим тарабынан да уюштуруу иштери кызыктуу болду. Өз каражатына теннис столун,шашки жана шахматтарды сатып алды. Окуучуларды райондук шаардык конкурстарга да өз каражаты менен калтырбай катыштырып келет. Конкурстарына окуучулар активдүү катышат. Спонсорлордун жардамы менен окуучуларга диплом,кубок жана башка сыйлыктарды алып,сыйлады.

21 ноябрдан 2 декабрга чейин гуманитардык циклдеги сабактарга декадалык иш чара уюштурулду. Орус тили сабагынан мугалим Шаршеналиева Кулжакан Түнкатаровна өтө тажрыйбалуу мугалим. Эмгек стажы 39 жыл. Орус тилин окуучуларга уккулуктуу, өзүнө тартуу менен сабак өтөт. Декадалык иш чарасында да ар кандай конкурс,таймаштарды уюштурду. Частушкилери балдар тарабынан жандуу кабыл алынды. Залга макал лакаптарды ар күнү башка илип,кайра окуучудан суроо менен кайтарым байланыш жүргүздү.Жыйынтыгы ата энеледин катышуусунда чоң майрамдык концерт менен аяктады.

Тарых сабагынан декада болуп өттү. Сазбакова Айнур Садыгалиевна эмгек стажы 41 жыл. Өтө тажрыйбалуу мугалим, билим берүүнүн мыктысы. Тарых сабагына окуучуларды кызыктыра алат. "Баткен окуясы" темасындагы ой бөлүшүүсүнө ата энелер да катышып, жакшы ой пикир,каалоо тилектерин айтышты.

География жана биологиядан Курманалиева Замира Озбековна ,эмгек стажы 39 жыл, өттү. Тажрыйбалуу мугалим ар тараптан дастыгып,окуучулар менен кызыктуу декада уюштурду. Өзгөчө карта менен иштөө ар бир баланы шыктандырып, кызыгуусун арттырды.

12 декабрдан 23 декбрга чейин математика циклиндеги декада жүрдү. Математика мугалимдери Омуралиева Рахат Манашевна, эмгек стажы 19 жыл жана жаш мугалим Жантаева Наргиза ,эмгек стажы 3 жыл илимдин падышасы болгон

сабакты ар бир балага жеткиликтүү жана ой жүгүртүүсүн ойготуу менен жакшы декада уюштурушту.

Физика жана химия сабагынан Сазбакова Динар Садыгалиевна,эмгек стажы 39 жыл, балдарга лобараториялык иштерге басым жасап, өтө кызыктуу сабактарды уюштура алды.

Декадалык иш чаралардын жыйынтыгы методикалык бирикмелердин кеңешмесинде каралып.анализ жүргүзүлдү.

Окуучулардын билим сапатын жогорулатууда мектеп ичиндеги, шаардык олимпиадага даярдык,отличникке, ударникке резерв окуучулар менен иштөө, мектеп документациясы боюнча окуучулардын дептерлерин, күндөлүктөрдү текшерүү, журналдын , өздүк делолордун текшерилиши, мугалимдердин күндөлүк пландарын, календарлык пландарды текшерүү киргизилген.

Бирок мугалимдер мектеп маселеси менен тыгыз иштесе дагы билим сапатынын жогорулашы өтө жай болууда. Мында окуучулар сабакты көп калтырууда жана үй тапшырмаларын убагында аткара албай калуусу да жолтоо болду. Класс жетекчилердин окуучулар менен тыгыз иш алып бара албасы. Мугалимдер микроучастоктогу балдар менен иштөөгө да чоң көңүл бурушту. Жай кабыл алган окуучулардын саны азайбай жатат.

Мындай жыйынтыктарды болтурбоо үчүн мугалимдер арасында психоло - педагогикалык кеңешмелерди өткөрүп жаттык.Методдорду.ыкмаларды оңдоп түзөө үчүн сунуштар каралды. Окуу тарбиялоо процессинде ички көзөмөлдүн негизинде текшерүүлөр,административдик көзөмөл,предметтер арасында срездер,окуучулардын иштеринин көргөзмөлөрү уюштурулуп турду.

Тестирлөө формасында предмет мугалимдери окуучулардын билимин,шыгын көзөмөлдөп жатышты.

Жыл ичинде математика жана орус тили сабагынан жыйынтыктоочу тестттер алынып, салыштырылып турду:

- Окуучунун туруктуу билим алуусундагы баштапкы көзөмөл ишинде билим сапатынын төмөндөшүнүн себебин аныктоо,болтурбоо
- Окуучунун өсүү динамикасын кароо максатында аралык көзөмөл иштеринде мугалим менен окуучунун ортосундагы оңдоп түзөө иши
- Жыйынтык көзөмөлдө окуучунун кезектеги класска көчүүдө билим сапатын анализдөө

**Предметтер арасындагы билим сапаты**

| Мугалим | Предмет | Окуучунун саны | Окуйт | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | "5" | "4" | "3" | "2" | % |
| Баякеева Н.А | Кыргыз тили | 24 | 0 | 6 | 18 | | 25 |
| | Адабий окуу | | 0 | 9 | 15 | | 37,5 |
| | Математика | | 0 | 8 | 16 | | 33,3 |
| | Мен жана дүйнө | | 0 | 10 | 14 | | 41,6 |
| Сабралиева Ф.А | Кыргыз тили | 13 | 2 | 6 | 5 | | 61,5 |
| | Адабий окуу | | 4 | 3 | 6 | | 53,8 |
| | Математика | | 1 | 6 | 6 | | 53,8 |
| | Мен жана дүйнө | | 2 | 5 | 6 | | 53,8 |
| | Орус тили | | 2 | 6 | 5 | | 61,5 |
| Мусапырова Г.А | Кыргыз тили | 29 | 0 | 14 | 15 | | 48,2 |
| | Кырг адаб | 29 | 0 | 14 | 15 | | 48,2 |
| | Англис тили | 37 | 2 | 10 | 25 | | 32,4 |
| Жумалиева Ж.М | Кыргыз тили | 17 | 0 | 8 | 9 | | 47 |
| | Кырг адаб | 17 | 0 | 11 | 6 | | 64,7 |
| | Технология | 61 | 5 | 32 | 24 | | 60,6 |
| Солтоева З.К | Кыргыз тили | 15 | 0 | 5 | 10 | | 33,3 |
| | Кырг адаб | 15 | 2 | 5 | 8 | | 46,6 |
| | Орус тили | 24 | 2 | 10 | 12 | | 50 |
| Шаршеналиева К.Т | Орус тили | 61 | 0 | 25 | 36 | | 40,9 |
| | Орус адаб | 61 | 0 | 27 | 34 | | 44,2 |
| Мамбетова А.К | Чет тили | 61 | 1 | 22 | 38 | | 62,2 |
| Омуралиева Р.М | Математика | 11 | 0 | 6 | 5 | | 54,5 |
| | Информатика | 61 | 3 | 26 | 32 | | 47,5 |
| Жантаева Н | Математика | 14 | 1 | 5 | 8 | | 43 |
| | Алгебра | 36 | 5 | 9 | 22 | | 38,8 |
| | Геометрия | 36 | 2 | 12 | 22 | | 38,8 |
| Курманалиева З.О | Табият таануу | 14 | 1 | 7 | 6 | | 57 |
| | Биология | 47 | 1 | 23 | 23 | | 51 |
| | География | 47 | 0 | 23 | 23 | | 48,9 |
| Сазбакова А.С | Тарых | 61 | 0 | 32 | 29 | | 52,4 |
| | Адам ж.коом | 31 | 0 | 17 | 14 | | 54,8 |
| Сазбакова Д.С | Физика | 36 | 0 | 14 | 22 | | 38,8 |
| | Химия | 21 | 0 | 8 | 13 | | 38 |
| Сагындыкова А.Б | Көркөм өнөр | 77 | 13 | 38 | 26 | | 66,2 |
| | Музыка | 77 | 4 | 38 | 35 | | 54,5 |
| Шейшеев Н.К | Дене тарбия | 98 | 26 | 61 | 11 | | 88,7 |

Мындан “5” жана “4” деген баага окуган окуучунун саны “3” деген баага окуган окуучудан аз экени байкалат. Мугалимдерге окуучунун билимин жогорулатуу үчүн изилдөө жүргүзүп, сабактарда ыкмаларды,формаларды эффективдүү колдонуу, логикалык ойлонуусун өстүрүү жана салыштырып,жыйынтыкта,анализдегенди үйрөтүү керек экени айтылды.

Администрация тарабынан мугалимдерге жай кабыл алган окуучулар менен иштөө, сабактан көп калган окуучу менен иштөө, ата энелер чогулушун өткөрүп туруу сунушталды.

Көпчүлүк мугалимдер окуучулардын жай кабыл алуусун анын жалкоосуна шылташат. Сабактарга катышууда мугалимдердин бул окуучулар менен иштөөдө көңүл жакшы бурулбасы, “3” деген бааны формально койгонун байкайсың. Мүну менен окуучунун мектепке кайдигер кароосуна, сабакка кызыкпоосуна алып келерин байкабай калабыз. Эгерде ушундай каталарды убагында жойсок, билим сапатынын өсүшүн жогорулата алат элек.

Ушундан кийин администрация төмөнкүдөй максат койдук:

- Көзөмөл бардык ишке
- Окутуудагы улантуучулук иш
- Жаңы талаптарды аткара билүү
- Окуутууда жекече мамиле жасоо
- Жаңы технологияларды колдонуу
- Окуучуларды өз алдынча иштөөгө көнүктүрүү
- Жаш мугалимдерге жардам берүү

Мындай көзөмөлдөн кийин окуучу менен мугалимдин ортосундагы байланышты , мугалимдин ишиндеги каталарды,мектеп маселесин аныктоо, кошумча материалдарды издөө жана башкаларды көрүүгө болот.

“Китеп окуган бала- улуттун келечеги” деген темада китепкана иши алдыга жылууда. Окуучулар үчүн жана ата энелер үчүн атайын график түзүлүп, китеп окуу оң жолго коюлган. 84% камсыз болду.

“Келгиле окуйбуз” деген долбоордун алкагында ата эне,окуучу жана китепканачынын ортосунда кызыктуу иш чаралар өтүлүп турат.

Башталгыч класстар арасында «Акыл ордо» оюну , «Тапкан тапалак», ата-энелери менен бирдикте «Өз балаңды билесиңби?» оюндары өткөрүлдү. Ата-энелер менен бирдикте «Ачык эшик» күндөрү уюштурулуп, балдарга китеп окуу,өз бала чагы, алдыга кандай максаттарды коюшубуз керектиги тууралуу маектешүү жүргүзүлдү

Ата энелер менен мектептин ортосундагы байланышты чыңдөө максатында мугалимдер жума сайын класстык сааттарды, ачык сааттарды уюштурушуп, ачык эшик күнү жарыяланып турат.Ошондой эле семинарлар,конкурстар,КВН , жагымдуу маанайда концерттик программалар жана декадалык жумалыктарга катышуу болууда. Мында ар кандай ой пикирлер,сунуштар айтылып турат.

**Төмөндөкүдөй иш чараларга катышуу болду:**

| Айы | Семинар | КВН | Таймаштар |
|---|---|---|---|
| Сентябрь | «Келечек жаштардын колунда» | | "Өз балаңды билесиңби?" |
| Октябрь | "Улууга –урмат" "Адеп - адам көркү" . | "Ата энем менин урматым" | "Атам,апам жана мен" |
| Декабрь | "Балдардын укугу " деген эмне? | | Диспут |

Ошону менен бирге анкета,суроо жооп жана рейддер жүргүзүлүүдө

**Билим сапатын көтөрүү учун төмөндөкү иштер кийинки жарым жылдыкка көзөмөлдөнсүн:**

- окуучулар менен жеке иш алып баруу,
- кошумча сабактарды өтүү,
- кружок иштерине кызыктыруу,
- стандарт эмес сабактарды көбүрөөк өтүү,
- жаны педагогикалык технологияларды иш жүзүнө колдонуу,
- жай кабыл алган окуучулар менен тыгыз иш жүргүзүү
- ата -энелердин сабактарга катышуусу
- мониторинг, срездерди предметтер арасында ,класстар боюнча көбүрөөк жүргүзүү.

Директор: Омуралиева Р.М